УДК 37:370

*Куршад ДЕГЕР,*
*БГУ*

# ТҮРКИЯНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ

*Заманбап билим берүү системасы менен алдыда келе жаткан Түркия мамлекети учурдун талабына жооп берген мыкты адистерди даярдап келет. Түркияда гана эмес, башка өлкөлөрдө да билим берүү системасындагы өзгөчөлүктөрүн таанытып келе жатат. Бул макалада азыркы учурдагы Түркия мамлекетинин билим берүү системасы, андагы негизги тармактар жана өзгөчөлүктөрү каралып, баяндалды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *билим берүү системасы, Түркия мамлекети, адистер ж.б.*

**Киришүү**

Түркия Республикасынын билим берүү системасы негизинен мамлекеттик же болбосо мамлекеттин негизиндеги система менен иш жүргүзөт.Билим берүү тармагы мамлекеттин негизги иш аракеттеринин бири болгондугу үчүн “Билим Берүү министирлиги” (эл аралык билим берүү)тармагы деп эсептелет.Түркия Республикасынын конститутциясы билим берүү тармагында маанилүү мыйзамдарды иштеп чыккан.Бул жагынан Түркия мамлекетинин башкаруу системасы билим берүү министирлиги жана борбордогу министирликтин башкаруу уюму келечекте өлкөдөн сырткары да уюмдар менен тыгыз байланышта иш алып барат.Бул тармакта кылымдар бою маанилүү иш чаралар жүргүзүлүп келет.

Түркия мамлекетинин били берүү системасы негизинен экиге бөлүнөт:

1-Күндүзгү билим берүү;

2-Кеңири билим берүү.

Күндүзгү билим берүү системасы төрткө бөлүнөт:

1- Окууга чейинки билим берүү,
2- Башталгыч класс,
3- Орто билим берүү,
4- Жогорку билим берүү(коомдорун камтыйт).

Муну менен бирге мектепке чейинки билим берүү тармагы жөнүндө кыскача буларды айткым келет.

Билим берүү тармагы каалоочуларга жана окууну баштоого жашы жете элек үч жаштагы балдардын билимин ичине камтыйт.

Мектепке чейинки билим берүү тармагы атайын секторлор тарабынан бала бакчаларда даярдала баштайт.Муну менен бирге билим берүү министирлигине караштуу кыздар кесиптик лицейиндеги лобараториялар жана окуу жайга караштуу окуу канаалары да иш алып барат.

Бул жерде окууга чейинки билим берүү тармагынын максаттарына токтолуп кетүү керек.Мектепке чейинки балдардын ден соолугунун жакшы болуусун жана туура чөйрөдөн тарбиялануусун, мектепке даярдануусун ошондой эле туура эмес чөйрөдөн келген балдарды биримдике чакырып, түрк тилин жакшы так сүйлөөгө үндөйт(үйрөтөт).

Түркия мамлекетинде башталгыч билимди алуу милдетүү. Бул тармакта 6 жаштан 14 жашка чейинки балдар билим алышат.Башталгыч билим берүүнүн максаты ар бир түрк жеткипчектерип керектүү билимге ээ кылып, ар тараптан жетиштирип келечекте билимдүү, маданияттуу жараан болуусуна даярдоо.

Башталгыч билим берүү баардык жараандар үчүн милдеттүү.Мамлекеттик окуу жайлар акысыз билим берет.Ошондой эле төлөмдөр менен жеке окуу жайлар да бар. Жеке окуу жайлар негизинен билим берүү жагынан башкалардан айырмаланып , мыйзам чыгарууда билим берүү министирлигинен жана ага караштуу башкаруу коомунун карамагында иш алып барат. Мамлекеттин билим беруу системасы 12 жылды ичине камтыйт.Бул окуу жылдын алгачкы 4 жылы башталгыч классты,кийинки 4 жылы орто билим берүүнү, акыркы 4 жылы лицейди камтыйт.

**Орто билим берүү**

Түркия республикасында билим беруу системасы, орто билим берүү кесиптик жана техникалык билим берүү болуп экиге бөлүнөт.

Түркия мамлекетинин билим берүү системасында орто билим берүүнүн максаты окуучуларды маданияттуулука, жоопкерчиликтүүлүкө, өлкөдөгү болуп жаткан ар кандай иш чараларга активдүү катышууга, биримдике жана жогорку окуу жайга даярдоо максаты менен билим берет.

Жалпы билим берүү:Анадолу лицейи, Техника лицейи,Коомдук билим берүү лицейи,Анадолу окутуучулар лицейи, Спорт лийеци, Анадолу искуство лицейи жана башка окуу жайлардан түзүлөт.

Кесиптик жана техникалык билим берүүнүн максаты кесип тармагында жетиштирүү жана окуучуларды жогорку окуу жайга даярдоо болуп саналат.Кесиптик жана техикалык орто билим берүү балдар жана кыздар, соода жана туризм, диний билим берүү тармактарынан турат. Бул жагынан алып карганда орто билим берүү коомдору мамлекеттин карамагындагы билим берүү министирлигине караштуу министерствонун мыйзамдарына ылайык атайын секторлор тарабынан мектептерге да берилет.Мамлекеттик окуу жайлар ошондой эле жеке окуу жайлар дагы жалпы республикалык тестирлөөнүн негизинде ар бир окуучунун деңгээлине жана алган балдарынын жыйынтыгына карата жайгаштырылат.

**Жогорку билим берүү**

Түркия мамлекетинин билим берүү системасында жогорку окуу жайы, орто билим берүүгө салыштырмалуу эки жылга көбүрөөк билим берет ошондой эле жогорку билим алууну, изилденууну каалочуларды жетиштирүүбилим тармагынын негизги милдеттери.

Туркия мамлекетинин билим системасы алты бөлумдөн турат:

1. Университет;
2. Факультет;
3. Институт;
4. Жогорку билим берүү;
5. Консерватория;
6. Кесиптик билим берүү.

Муну менен бирге эле тажрыйба алуу жана изилдөө борбору да бар.

Туркия мамлекетинин билим беруу тармагынын түрлөрү:

1. Кундузгу окуу: Студенттердин милдеттүү турдөүзгүлтүксүз билим алуусу керек болгон окуу жай.
2. Сырттан окуубөлүмү: студенттерге заманбап технологиянын жардамы менен билим берет.
3. Дистанттык окуу бөлүмү:жогорку билим берүүнүн негизинде жана сынак маалында гана катышууну талап кылган билим берүү тармагы.
4. Кеңири билим берүү ар кандай тармактарда билим берүү максатып коздойт.

Түркия мамлекетинин билим берүү системасында кеңири билим берүүнүн кыргыз мамлекетинин билим берүү системасына таасири.

Түркия мамлекетинин билим берүү системасында кеңири билим берүү,күндүзгү билим берүү системасына тиешеси болбогоношондой эле кээ бир баскычтарында көрсөтүлгөндөй эле окуудан четтетилген адамдардын кызыккан тармактарындакүндүзгү билим берүүдөн сырткары болуп жаткан баардык иш чараларын ичине камтыйт.Туркия билим берүү системасында кеңири билим берүү борбору:элдик билим берүү, башталгыч билим берүү,жана сырттан билим берүү жолу аркылуу ишке ашырылат.

Түркия билим берүү системасында сырттан окуу бөлүмү булардан турат.

Таанымал область жана көптөгөн райондордо кездешкен:Элге билим берүү борборлору, кыздар искуство окуу жайы,өнөр жай искуство окуу жайы, кесиптик билим берүү борбору, жеке курстар, жеке окуу каналары, билим жана тажрыйба алуу окуу жайы, билим жана искуство борбору, мектептер, лицейлерден турат.

Түркия билим берүүсистемасынын билим даражалары:

1. Техникум – орто билим берүүдөн кийинки эки жылдык билим алууну камтыйт.
2. Бакалавр – орто билим берүүдөн кийинки төрт же андан көп жылдык билим алуу.
3. Магистратура – бакалаврдан кийинки жана кесиптик тармакта билим алуу
4. Докторантура – магистратурадан кийинки эң жогорку билим алууну камтыйт.

***Адабияттар***

1.а. Türkiye Eğitim Sisteminin Temel Kanunu - ¹ 1739

1.б. № 1739 - Билим Берүү системасынын негизги мыйзамдары

2. Изилдеген: И.Э жана Чынкыр Ш (2012) Түркия билим берүү системасы жана окуу жай тармагы Анкара Экинокс

3. Акгун И.Х. жана Шимшек Н. (2011) Түркия Республикасы жана АБД билим берүү системасы

www.yok.gov.tr

www.mebe.gov.tr